УДК 75-01
DOI 10.33514/1694-7851-2023-3-136-142

**Закиров У. А.**
философия илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

## XIX-XX КЫЛЫМДАГЫ БАТЫШ ЕВРОПА ИСКУССТВОСУ ЖАНА МАДАНИЯТЫ

**Аннотациясы:** XIX кылымдын аягындагы доордук мезгилдерде дүйнөлүк жашоо турмуштагы техникалык прогресстеринин өтө жогорку деңгээлдеги өнүгүүлөрү менен белгиленет. Бул доордук мезгилдердин искусствосунда жана маданиятында жаңы стилдеги: “Модерн“ жана “Символдук багыт“,-деп аталган багыттары пайда болот. Коомдук жашоо шарттардагы илимдин жана техниканын улам барган сайын өнүгүүсүнөн жаралган жаңы материалдык каражаттарын Арихитектуралык курулуштарда колдонулуу менен интерьерде жана экстерьерде жаңыча жасалгалоо кубулуштары пайда болот. Адамзаттын жашоо-турмуштук болумушунда илимдин жана анын практикалык ийгиликтерине жараша техниканын өнүгүүсү болгондуктан, ал ийгиликтер архитектуралык курулуштун материалдык каражаттарынын да өзгөрүүсү жана форманын жаңыча көрүнүштөрүнүн көбөйүүсүн пайда кылган. Өз дооруна чейин бир да архиткетуралык курулуштук көрүнүштөрдө байкалбаган, буга чейин эч бир архитектордун оюна да келбеген жаңыча ой жүгүртүүлөрдүн жемиштери жаралат. Ошондой жаңыча түзүлүштөрдүн болуусу менен бирдикте, ал имараттардын төбөсүнүн жабылуулары да өзгөрүп олтурат.

**Түйүндүү сөздөр:** эклектика, синтетика, сецессион, заманбап стиль, символ, архитектура, живопись, скульптура, графика, модерн, көркөм искусство.

**Закиров У. А.**
кандидат философических наук, и.о.доцента
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева

## ИСКУССТВО И КУЛЬТУРА ЗАПАДНОЙ ЕВРОПЫ XIX-XX ВЕКА

**Аннотация:** В конце XIX века отмечается очень высокий уровень развития технического прогресса в жизни мира. В искусстве и культуре этих эпох появляются новые стили, называемые «Модерн» и «Символическое направление». Появятся использование новых материальных средств в архитектурных конструкциях, новые явления внутренней и внешней отделки. Например: цемент, железобетон, сталь, стекло и другие. строительные материалы используются в архитектурно-строительной деятельности. Поскольку развитие техники в жизни человечества зависит от прогресса науки и ее практического прогресса, эти успехи вызвали изменение материальных средств архитектурного строительства и увеличение новых проявлений формы. В свою очередь, польза от таких материально-технических достижений в архитектурном сооружении и его дизайне появились новые формальные структуры, и в то же время вопросы их реализации продолжали регулироваться. Согласно разным переходным эпохам, его архитектура в зависимости от времени имела разные структуры и формы. Будут рождаться плоды новых идей, которых до своего времени не наблюдалось ни в каких архитектурно-строительных сценах и которые раньше даже не

приходили в голову ни одному архитектору. Также при наличии новых конструкций в м/н блоке меняются и покрытия крыш этих зданий.

**Ключевые слова:** эклектика, синтетический, сецессион, современный стиль, символ, архитектура, живопись, скульптура, графика, модерн, изобразительное искусство.

**Zakirov U. A.**
Candidate of Philosophy, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

## ART AND CULTURE OF WESTERN EUROPE IN THE 19th-20th CENTURIES

**Abstract:** At the end of the 19th century, there was a very high level of development of technological progress in the life of the world. In the art and culture of these eras, new styles appeared, called “Modern” and “Symbolic direction”. The use of new material means in architectural structures, new phenomena of interior and exterior decoration will appear. For example: cement, reinforced concrete, steel, glass and other building materials are used in architectural and construction activities. Since the development of technology in the life of mankind depends on the progress of science and its practical progress, these advances caused a change in the material means of architectural construction and an increase in new manifestations of form. In turn, the benefits of such material and technical advances in the architectural structure and/or its design New formal structures emerged, and at the same time, issues of their implementation continued to be regulated. According to different transitional eras, its architecture had different structures and forms depending on the time. The fruits of new ideas will be born, which before their time had not been observed in any architectural and construction scenes and which had not even occurred to any architect before. Also, if there are new structures in the residential block, the roof coverings of these buildings also change.

**Keywords:** eclecticism, synthetic, secession, modern style, symbol, architecture, painting, sculpture, graphics, modern, fine arts.

Европа өлкөлөрүндө жана Америка искусствосунда пайда болгон жаңыча “Модерн“-стили, латын тилинен которгондо Modernus-жаңы жана заманбап дегенди билдирет.

Ал эми Франция искусствосунда болсо, модерн стили башкачараак аталыштагы сөз аркылуу кирип келген, art nuveau-жаңы искусство деген маанини берип турган. Парижде ушундай аталышы менен аталган магазин салону “Жаңыча искусство үйү“,-деп аталат. Ал эми Германиядагылар болсо модерн,-стилин “югендстиль“,-деп атаган, jugedsttil-жаш стиль деген маанини берип турат. Мындай аталыштагы Мюнхендик журналы “югенд“,-деп аталган. Журналдагы макалалардын маани-мазмундарында: искусство жашоосунда болуп жаткан жаңыча ийгиликтерди баяндап жазат жана жаңы искусствого үгүт иштерин жүргүзүшөт. Мына ошондой улуу ой жүгүртүүлөрдөн жаралган архитектуралык проекти катары: “Ейфелева мунарасы“ эсептелет, анын конструкциялык түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөрдү белгиленет. Бул архитектуралык конструкциялык курулушу 1889-жыл,

Франция мамлекетинин Париж шаарында өткөрүлүүчү көргөзмөгө катышуу үчүн архитектор А.Г.Эйфел тарабынан проектиленип жана анын өзүнүн көзөмөлдөөсү менен курулат. Мунаранын жайнаган металдык консрукцияларын карап, байкоо м/н анын өтө эле жеңил болуп көрүнгөн көрүнүшүнө ээ болобуз. Бирок ал өтө татаал конструкциясы жана түзүлүштөрүнөн турган, ошол доордун эң жогорку архитектуралык чыгарма катары бааланган эмгек. “Өз мезгилинде Француз тургундары бул конструкциялык мунараны анчейин деле этибарга алып баалай беришкен эмес. Мына эми бүгүнкү күндө дүйнө жүзүнө Франциянын жана Париж шаарынын символу катары таанылып калды”[1. бет.7].

Австро-Венгрияда “Сецессион“,-деп аталган искусство багыты пайда болот. Ал сөздү латын тилинен которгондо “Seccessio“,-бөлүнүү, кайтуу, өзгөчө деген маанилерди берип, ошол мезгилдеги Немецтик жаш сүрөтчүлөрдүн биримдигин түзгөн аталышты түшүндүрөт.

Модерндик стилдин алгачкы белгилери Европа өлкөлөрүнүн дээрлик баарында эле бирдей башталган. Сүрөтчүлөр “Эклектикалык стиль“,-талаптарын жеңип, жаңыча көз караштагы “Синтетикалык стиль“,-деген жаңыча ой толгоолордогу чыгармачылыкка бөлөнгөн образдарын жаратууга аракеттенишет.

Модерндик стилдин багыттык маани-мазмундук түшүнүктөрү боюнча, буга чейин өмүр сүрүп келе жаткан көптөгөн агымдар жаңыча аталыштарына ээ болуп калат. Бирок бул дегенибиз, сырткы көрүнүшү боюнча эклектикалык искусствону кайталагандай көрүнүштү алып жүрүү дегендик эмес. Искусствону жаратууда: түп тамырынан бери жаңыча ой жүгүртүү менен чыгармачылык изденүүлөрдү талап кылган, ошол эле мезгилдерде дүйнөлүк искусствонун жетишкендиктерин жаңыча көрүнүштөрдө пайдалана билүү менен жаңы стилдик белгилерди жаратуу дегендик болот.

Модерндик стилдин жаралуусу менен бирге искусстводо оригиналдуулукка ээ болгон жана акыл-эске сыя турган деңгээлдеги ачык мүнөздүү эстетикалык таасирдүүлтөрдү алып жүргөн искусствонун синтездик багыттарынын жаралуусуна жолдор ачылат.

“Дүйнөлүк көркөм искусство ж/а көркөм маданиятына жалпы жонунан изилдөө жүргүзүү менен караганда, искусстводогу синтездик өнүгүүлөрдү архитектура түзгөн. Андан кийин гана, ал өнүгүүлөрдүн синтездик жаңылануулары искусствонун бардык тармактарын кучагына алат”[2. бет.4]. Мисалы: живопись, скульптура, кийим-кечэнин жаңыча модаларынын жаралуусуна чейинки тармактарда жаңы стил, башкача айтканда модерн стили кеңири тарайт.

Жаңы көркөм чыгармачыл багыттарын камтыган модерндин стилдик белгилери жалаң гана искусствону эмес, керек болсо жалпы эле жашоо турмушту өзүнүн айланасында багындырат.

Модерндик искусствосунун таасир күчү жашоо турмуштун бардык тармактарына бирдей тийет: жөнөкөй калың катмар элдердин үйлөрүнүн курулуштары, шаардын курулуштары жана проекттик архитектурадагы, үйлөрдүн интерьердик жасалгалары, кыз-келиндердин жасануучу буюм теримдери, көркөм чыгармачылыгы, декоративдүү искусствосу,театр, кино жана башка күнүмдүк түрмуштарда өтчү жашоонун бардык болумуштарында модерн стилдик жашоосу өмүр сүрүп калат.

Модерндик искусствнун чыгармалары өтө кылдат жана ийкемдүүлүктөргө ыкташуу менен чечилген композициялык бүтүндүктөрүн берет. Мындай ойлордун далил катары: А.Гаудинин “Карападан жасалган чыгармалар ааламынын көрүнүштөрү“,-сыяктуу эмгектери жана башка ушул өңдөнгөн модельдик өзгөргүүлөргө дуушар болгон чыгармалар кирет.

Модериндик искусствонун негизги багыттык ачкычы катары предметтүүлүк, формалардын табиаттуулука жакын болушу, эстетикалык сулуулуктардагы жаңы модельдик өзгөрүүгө кабылган түзүлүштөрүнүн пайда болуусу жана башка мүнөздөмө берет.

"Сүрөтчүлөр менен архитекторлор жаратылыш кубулуштарынын өтө жөнөкөй болуп көрүнгөн жандуу жана жансыз заттарын жаңыча стилдик мүнөздөлөгү формаларына өзгөртүүдөгү ар кандай көрүнүштөргө, жаңыча жашоосуна ээ кылуусунан келип чыккан кубулуштардын көрүнүштөрү аркылуу өзгөчө эригүүлөрдү тартуулайт"[3. бет.37].

Дүйнөлүк искусстводогу, ошол өзгөргөн же башкача айтканда стилдештирилген предметтердин көрүнүштөрү, ар кандай сызыктардын, оймолордун өзгөрүүлөрү менен жүрөт.

Дүйнөлүк көркөм искусство жана көркөм маданиятында пайда болгон "модерндик",- стилдик өзгөрүүлөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү менен сүрөтчүлөр жана архитекторлор өзүлөрү жашап турган тарыхый доордук мезгилдердин гана эмес, өткөн мезгилдердин да архитектуралык оймо чиймелерин жана башка жетишкендиктерин жаңыча формага стилдештирүү иш аркеттери аркылуу чыгармачылыктардагы изденүүлөрүн жүргүзүшөт.

"Көркөм тарыхый талдоонун методологиясы, албетте бул, илимий метод жөнүндө түшүнүк. Искусство тарыхын изилдөөнүн тандалган методдору. Искусство сынынын негизги ыкмаларына искусствонун тарыхый изилдөөсү жана формалдуу талдоо кирет. Алар искусствонун жана анын эстеликтеринин тарыхынын такыр башка жактарын изилдегендиктен, бири-биринен олуттуу айырмаланат"[4.бет.47.]. Бул эки методдун өз ара аракети изилдөө үчүн элементардык методологиялык негизди түзөт. Тарыхый изилдөөнүн предмети искусство тарыхынын ар кандай окуясы жана ар кандай аспектилери болушу мүмкүн. Бул мамиле руханий жана көркөмдүк багыттарды, инсандарды, искусство теориясын, тарбиялоону жана сүрөтчүлөрдүн профессионалдык ишмердүүлүгүн уюштурууну, көрүүчүлөрдүн практикасынан жана илимий изилдөөлөрдөн материалдарды, кубулуштарды алуунун визуалдык техникасынын жана технологияларынын тарыхын изилдөөдө маанилүү. Тарыхый көз караштагы жеке чыгарма негизинен контекст аркылуу каралат. Формалдуу талдоо искусствонун тарыхындагы айрым чыгармалардагы форма аспектисин жана стилистикалык кубулуштарды (стильдер, кыймылдар, тенденциялар, индивидуалдуу манералар) изилдөөгө багытталган искусство таануунун фундаменталдуу ыкмасы болуп саналат. Семиотиканы изилдөө ыкмасы искусство таанууда семиотикада деталдуу түрдө иштелип чыккан даяр ыкманы өткөрүп берүүнүн натыйжасында пайда болот. Бул методдун спецификалык өзгөчөлүгү анын сүрөт искусствосун жана архитектураны коммуникация сферасы катары караганында. Социологиялык метод 1920-жылдары искусство тарыхында социологиянын өзү иштеп чыккан даяр методологиялык концепцияны биздин илим изилдөөгө милдеттүү болгон бардык кубулуштарга өткөрүп берүү катары жаралган. Социологиялык метод чыгармачылыкты, чыгармаларды, көркөм турмушту социалдык-экономикалык реалдуулуктун кубулуштары катары чечмелейт. Сүрөтчү негизинен коомдук турмуштун катышуучусу катары көрүнөт. Искусство тарыхын изилдөөнүн заманбап теориялары жана мамилелери.

"Архитектуралык ар кандай ийри-буйру болгон сызыктары аркылуу жасалга жасоо, оймолордун түзүлүштүк өзгөрүүлөрү, жерге төшөлгөн паркеттик материалдык каражаттардын бетине түшүрүлгөн сүрөттөрүнүн өзгөрүүсү аркылуу да жаңылык, же болбосо стилдешкен көрүнүштөрдү ала билүү менен чыгармачылыктардагы жаңыча көрүнүштөрдүн формасын жаратуу мүмкүнчүлүгүн колдонуу болот. Өзгөргөн белгилерин,

ийрейген сызыктары аркылуу жаңыча сулуулукту алуу, алардын маанилериндеги символдук улуу белгилердин жашынган сырларындагы мазмундук бийиктиктеринин сакталуусу”[5.бет.320].

Бирок модерндик стилдин канчалык деңгээлде жаңыча өсүү дегенибизге карабай, сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгында кандайдыр бир деңгээлдерде өздүк белгилер байкала бербейт. Мисалы, ошол эле: живопись, графика, скульптуранын өнүгүүлөрүндөгү сүрөтчүлөрдүн кол жазмасындагы өз алдынчалыктын кандайдыр бир деңгээлдердеги жетишпей жаткан кемчиликтери байкалат. Искусствонун өнүгүү тарыхы боюнча адамзат өз жашоо болумушунда бир канча стилдик баскычтарды басып өткөн. Мына ошол стилдер арасынан орто кылымдардагы готикалык стилди белгилегим келип турат. Анткени, бул стил адам баласынын диний, же башкача айтканда руханий маданияты менен байланышып турат.“Кечиккен готикалык стилдин доорунда тарых белгилеп кеткендей, искусство маселеси көбүрөөк “адамзат” маселесине көңүл бөлүп баштаган. Адамдын эмоциясына кайгы – капа тартып жана азап чегүүлөрүнө, турмуштун оорлугу, кайгы – муңдуу окуяларына көңүл коюп баштаган. Адамзаттын жырткычтыгын, аёсуз күрөштөрүн, айрым бир мыкаачылыктарын, кайгылуу турмуштуу өмүрү, жашоосу жана кайгылуу күндөрүн (драматизм и трагичность жизни) баяндаган көркөм чагылдыруу образдары жаралат”[6.319-бет]. Демек адамзаттын ар бир тарыхый болумуштук жашоо кубулуштары тарыхый барактарда өз маанисине ээ болоуп турат. Бул албетте, олуттуу сырларды камтыган искусствонун тарыхындагы баалуулук болуп эсептелинет.

Модерндик искусствонун негизги излдөө булагы катары: элдик каада салттары, үрп-адаттары, улуттук өзгөчөлүктөрүнөн турган жана башка этностук касиеттрине ээ болгон сүрөтчүлөрдүн эмгектенүүлөрүндөгү өсүүлөр, искусствонун түрлөрү арасынан көбүрөөк эки түрү боюнча жүрөт. Алар станоктук живопись жана колдонмо кол өнөрчүлүгүнүн элдик өнөрдүк белгилери жана башка.

1-жарымындагы көркөм маданияттын негизги өзгөчөлүктөрү. 20-кылым (стиль, тенденциялар, кыймылдар жана топтор маселеси)

Пол Сезанн: нерселердин маңызын тарта баштаган сүрөтчү. Сезанндын кеңири жана күчтүү штрихтери, анын жаратылышка берилгендигине карабастан, түстүү учактардын гармониясына көңүл бурушу фависттер тарабынан кабыл алынган. Фависттер (Fauves жана Анри Матисс). дивизионисттер токтогон жерден башташкан (айрыкча штрихтер техникасын колдонуу менен жаркыраган сүрөттөр менен), бирок алардын ой-ниети башка болгон - жашоонун кубанычтуу сезимин берүү. Форманын жана контурдун бытыранды болушуна алып келген түстүн «бөлүнүүчү» бөлүнүшү буга жардам берген жок, анткени бул тынчсыздануу сезимин пайда кылды. Фависттер мындан баш тартышат, кең, эркин штрихтер, чоң учактар жана жылуу жана муздак тондорду ассоциациялык колдонуу жана башка.

Мына ошол, сүрөттөрдөн алардын искусстводогу бийликти же стереотиптерди тааныпбаган «жапайы» темпераментин сезүүгө болот. Андре Дерейн., Морис де Вламинк жана Фавтар менен экспрессионисттердин ортосунда көп окшоштуктар бар: алар форманын энергиясындагы колориттик чыңалуу атынан табиятка окшоштуктан боштондукка чыгууну каалашууда жакын болушкан, бирок мазмуну боюнча алар башкача болуп турат. Экспрессионисттер үчүн материянын деформациясы психикалык спазмдын синонимине айланат.

Немец элинин искусствосундагы экспрессионизми: "Көпүрө" (“Мост”) жана "Көк чабандес" (“Синий всадник”). Заманбап искусстводогу биринчи манифест. Фовизм түстү шарттуу жана реалдуулуктан эмес, сүрөтчүнүн алдына койгон көркөм милдеттерден көз каранды деп тааныгандан кийин, мейкиндик менен окшош нерсени жасоого убакыт келди. «Картиналык чыгармаларды модернисттик ойлом менен сюжеттик көрүнүшүн кыскартуу жана башка». П.Пикассонун «Эски» жана «жаңы» искусствонун ортосундагы суу бөлгүч катары «Les Demoiselles d'Avignon» картинасы. Кубизм реалдуу дүйнөнүн объектилерин жана формаларын конструктивдүү жөнөкөйлөштүрүү, живопистин универсалдуу тили катары. П.Пикассо, Ж.Брак, Х.Грис. Дадаизм: Биринчи дүйнөлүк согуштун продуктусу. Цюрихтеги «Вольтер» кабаре. Протест, абсурд жана гротесктик ирония. Р.Хаусман, Х.Хох, К.Швиттерс, М.Дюшамп, М.Рей. Метафизикалык живопись жана сюрреализм. Кыялдар менен чындыкты айкалыштыруу.

Искусство аң-сезимди бошотуунун негизги куралы катары. Идеолог – Андре Бретон. М.Эрнст, Р.Магритт, С.Дали. Сүрөт искусствосунда бардык «революциялар» башталды. 20-кылым импрессионизм жана пост-импрессионизм тарабынан алдын ала аныкталган. Орус искусствосу сезаннизмдин эки толкунунан аман калган, андан кийин орустун чыгармачыл сүрөтчүлөрүнүн фовисттердин жана кубисттердин чыгармалары менен таанышуусу себеп болот. Натыйжасында сүрөтчүлөрдүн чыгармалары жаңыча маани-мазмундарга ээ болот. Искусство аркылуу жашоонун бардык аспектилерин өзгөртүү идеясы пайда болот. “Академиялык” искусство түп-тамырынан жаңыланышы керек, – бирок жашоо да түп-тамырынан бери жаңыланышы керек (жаңы искусство үчүн жаңы адам; искусство адамды өзгөртө алат). Алгачкы авангарддык сүрөтчүлөрдүн эксперименттеринен тартып, жашоону куруу жана “өндүрүштүү искусство” катары искусствого чейинки кубулуштар белгиленет.

20-кылымдын башындагы Париж заманбап искусствонун борбору, “күчтүн” борбору, бул жерге кийинчерээк “чеберлер” деп атала тургандардын баары чогулат. Натыйжасында атайын түшүнүк пайда болот - "Париж мектеби". Бул эч кандай "-изм" же ал тургай пикирлеш адамдардын тобу эмес. Тескерисинче, бул көптөгөн кызыктуу реагенттер эритип, чыгышында оттуу аралашманы, күтүлбөгөн химиялык реакцияны пайда кылган лаборатория. "Уюк". А.Модильяни, Ч.Сутин, Ч.Бранкуси ж.б.. Бул мезгилде Италияда “футуризм” пайда болгон; искусство келечектин культу катары. Сөздүн автору жана кыймылдын негиздөөчүсү италиялык акын Филиппо Маринетти. Ал италиялык жаш сүрөтчүлөр үчүн «Футуристтик Манифестти» чыгарган. Согуштар жана революциялар даңазаланат - искусстводо гана эмес, реалдуулукта да. Маринети өзү согуштун катышуучусу. Маринетти мындай деп жазган: "Арабыздагы эң улуубуз отуз жашта, 10 жылдан кийин жаңы муун келип, бизди таштандыга ыргытмайынча, өзүбүздүн милдетибизди бүтүрүшүбүз керек." Футуризмди ницшеанизм менен «Коммунисттик партиянын Манифестинин» бир түрү катары карап, Россияда болуп өткөн кырдаал менен параллелдерди түзүүгө болот. Голландияда П.Мондриан аналитикалык кубизмден баштап, аны “таза пластикалык” туюнтмага чейин төмөндөтөт жана ошону менен “неопластикизм” пайда болот. "De Styl" тобу

**Колдонулган адабияттар:**


1. И.С.Куликова. Философия и искусство модернизма. М.,1980.271.Стр.
2. У.А.Закиров. Дүйнөлүк көркөм маданият жана көркөм искусство тарыхы. Б.2015. 2-том.193.Стр.
3. А.Белый. Символизм как миропонимание. М..1994. 525.Стр.

4. И.Тэн. Философия искусства. М.,1996. 350.Стр.
5. В.Г.Афанасьев. Основы философских знаний. М.,1976. 334.Стр.
6. Закиров У.А. Готикалык искусство жана көркөм маданият тарыхы. // И.Арабаев атындагы КМУнун “Жарчысы”. - 2023. - №2. – 318-321 бб.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Зайниев Р.А.**